**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2014-жылдын 3-чейрек ичиндеги абалы тууралуу отчет**


## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала алынган маалыматтары боюнча 2014-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча ИДӨ көлөмү 2013-жылдын ушул эле айларынын тиешелүү көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 10,1 пайызга көбөйүү менен 266,6 млрд. сомду түзгөн (2013-жылдын ушул эле айларында көрсөткүчтүн 12,6 пайызга көбөйүшү байкалган). ИДӨ көлөмүнүн өсүшү негизинен, курулуш, соода, өнөр жай жана кызмат көрсөтүүлөр секторунда өндүрүштүн көлөмүнүн көбөйүүсү менен камсыз болгон.

ИДӨ көлөмүнүн реалдуу өсүшү байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 3,0 пайызды (2013-жылдын январь-сентябрь айларында - 8,9 пайызды) түзгөн.


Республиканын банктар аралык төлөм системасында төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана номиналдык ИДӨнүн өзгөрүү динамикасы, мурдагыдай эле бир багыттагы тенденцияга ээ болгон (1-график).

**1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы**





Алсак, 2014-жылдын 3-чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөм системасы аркылуу өткөн мезгилге салыштырганда 18,3 пайызга жана 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 48,2 пайызга көбөйүү менен **1 052 899** төлөм өткөрүлгөн. Банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү өткөн мезгилге салыштырганда 6,6 пайызга азаюу, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 86,0 пайызга көбөйүү менен **404,6 млрд. сомду** түзгөн (2-график). Банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн азаюусу автоматташтырылган тоорук системалары аркылуу жүргүзүлгөн бүтүмдөр боюнча көлөмдүн төмөндөөсүн эске алуу менен гросстук төлөмдөрдүн азаюусу менен шартталган.

**2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн.сом)**




Отчеттук мезгил ичинде төлөмдөрдүн багытынын түрлөрү боюнча банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү дээрлик өзгөрүүсүз калган: банктык операциялар төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө негизги үлүштү ээлеген – 81,7 пайызды, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 12,1 пайызды, ал эми товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, бюджеттик эмес уюмдардын активдери жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөр 6,2 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө эң чоң салыштырма салмакты кириш бюджеттик төлөмдөр ээлеген - 49,1 пайыз, чыгыш бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 37,0 пайызды, ал эми активдердин жана милдеттенмелердин - 13,8 пайызды түзгөн.

**3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн. сом)**




2014-жылдын үчүнчү чейреги үчүн бюджеттик уюмдардын төлөмдөр жүгүртүүсүнүн номиналдагы суммардык көрсөткүчү өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 46,9 пайызга көбөйүү менен 49,0 млрд. сомду түзгөн (2014-жылдын экинчи чейрегине салыштырганда көрсөткүч 14,9 пайызга көбөйгөн). Мунун негизги себеби болуп кириш бюджеттик төлөмдөрдүн 2013-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда 56,7 пайызга өсүшү болгон, ушуну менен бирге гросстук бюджеттик транзакциялар 66,6 пайызга, ошондой эле клирингдик бюджеттик төлөмдөр 40,1 пайызга көбөйгөн. Мында, мамлекеттик бюджеттеги төлөмдөрдүн өсүшү бюджеттин киреше бөлүгүнүн деңгээлинин жогорулоосу алкагында жүргөн.

Ошентип, 2014-жылдын январь-сентябрь айларынын ичинде бюджеттин жалпы кирешеси 2013-жылдын ушул эле айларына салыштырганда 15,6 пайызга же 11,1 млрд. сомго көбөйгөн.

Кароого алынган мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 13,6 пайызга же 9,7 млрд. сомго көбөйүү менен 81,3 млрд. сом чегинде катталган. Мамлекеттик бюджеттик жалпы чыгашаларынын көбөйүүсү, негизинен, финансылык эмес активдерди 33,0 пайызга 15,0 млрд. сомго сатып алууга карата чыгашаларды көбөйтүүгө жана операциондук ишмердүүлүк боюнча чыгашалардын 9,9 пайызга (66,3 млрд. сомго чейин) көбөйүүгө байланыштуу болгон. Натыйжада, банктар аралык төлөмдөр системасы аркылуу ишке ашырылган, мамлекеттик бюджеттен чыгыш төлөмдөрүнүн көлөмү 2013-жылдын 3-чейрегине салыштырганда отчеттук чейректе 46,9 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, 14,9 пайызга көбөйгөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугу 2014-жылдын 3 чейреги үчүн 100,8 пайызды түзгөн жана 2013-жылдын ушул мезгили менен салыштырганда 2,4 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн кайтарымдуулук 98,4 пайызды түзгөн).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу өткөн накталай акчалардын кыймылы


| Аймактардын аталышы | Келип түшкөн (млн. сом) | | Берилген (млн. сом) | | Кайтарымдуулук (пайыздар) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2013-ж. III чейреги | 2014-ж. III чейреги | 2013-ж. III чейреги | 2014-ж. III чейреги | 2013-ж. III чейреги | 2014-ж. III чейреги |
| Бардыгы | 221 477,5 | 277 448,4 | 225 058,6 | 275 329,5 | 98,4 | 100,8 |
| Бишкек шаары | 121 958,3 | 140 301,7 | 119 187,9 | 132 887,7 | 102,3 | 105,6 |
| Баткен облусу | 8 062,9 | 15 283,9 | 8 304,1 | 15 397,8 | 97,1 | 99,3 |
| Жалал-Абад облусу | 20 584,3 | 26 960,9 | 23 651,2 | 30 098,6 | 87,0 | 89,6 |
| Ысык-Көл облусу | 9 528,8 | 13 384,9 | 10 326,7 | 14 126,9 | 92,3 | 94,7 |
| Нарын облусу | 3 125,6 | 4 314,5 | 3 960,3 | 4 943,4 | 78,9 | 87,3 |
| Ош шаары | 32 245,2 | 37 110,1 | 32 458,2 | 36 756,2 | 99,3 | 101,0 |
| Ош облусу | 9 522,6 | 12 134,7 | 9 662,2 | 12 289,8 | 98,6 | 98,7 |
| Талас облусу | 3 272,7 | 4 888,7 | 4 365,9 | 5 769,6 | 75,0 | 84,7 |
| Чүй облусу | 13 177,1 | 23 069,0 | 13 142,1 | 23 059,5 | 100,3 | 100,0 |

2014-жылдын 3-чейрегинде өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде салыштырганда Чүй областынан башка, республиканын бардык региондору боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү жүргөн:

- Бишкек шаары боюнча 3,3 пайызга;
- Баткен областы боюнча 2,2 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча 2,4 пайызга;
- Нарын областы боюнча 8,4 пайызга;
- Ош шаары боюнча 1,7 пайызга;
- Ош областы боюнча 0,1 пайызга;
- Талас областы боюнча 9,7 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча 2,6 пайызга.

Чүй областы боюнча нак акчанын кайтарымдуулугу 0,3 пайызга төмөндөгөн.

2014-жылдын 3-чейрегинде нак акчалардын кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 105,6 пайызды түзгөн. Накталай акчалардын кайтарымдуулугунун эң төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча 84,7 пайызды түзгөн (5-график).




Коммерциялык банктардын кассаларына 2014-жылдын 3-чейрегинде келип түшкөн нак акчалардын суммасы 277 448,4 млн. сомду түзгөн жана 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 25,3 пайызга өскөндүгү байкалган.

Төмөндө 2014-жылдын 3-чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн нак акчалардын негизги булактары боюнча маалыматтар келтирилген:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан, алмаштыруу

пункттарынан – 111 903,3 млн. сомду, ал эми көбөйүү 2013-жылдын 3-чейрегине салыштырмалуу 47,6 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 75 825,8 млн.сом);

- товарларды сатуудан – 21 555,8 млн. сомду, ал эми көбөйүү 11,3 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 19 366,3 млн.сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 20 225,7 млн. сомду, ал эми көбөйүү 5,8 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 19 123,5 млн.сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн - 22 685,7 млн. сомду, ал эми көбөйүү 23,6 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 18 360,2 млн.сом);
- аткарылган жумуштардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн – 20 547,4 млн. сомду, ал эми көбөйүү 31,2 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 15 663,0 млн.сом);
- чет элдик валюталарды сатуудан – 32 529,0 млн. сомду, ал эми көбөйүү 12,0 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 29 035,3 млн.сом).

Келтирилген статистикалык маалыматтар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн сумманын өсүш динамикасы, баарынан мурун, товар өндүрүлүшүнүн өсүшүн, кызмат көрсөтүүнүн тарифтеринин жогорулашын, акча которуунун жергиликтүү (локалдык) системасы боюнча түшүүлөрдүн көбөйүүсү жана чет элдик валюталарга болгон суроо-талаптардын жогорулашын чагылдырат.








<u>Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчалар</u> 2014-жылдын 3-чейреги үчүн 275 329,5 млн. сомду түзгөн жана 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,3 пайызга жогорулаган.


2014 – жылдын 3-чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчалардын негизги багыттары:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмашуу бюролоруна 104 754,4 млн. сом берилген, көбөйүү 38,9 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн - 75 390,3 млн.сом);
- кызмат көрсөтүүгө жана аткарылган иштерге төлөөгө 12 505,8 млн. сом берилген, көбөйүү 24,5 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн 10 047,7 млн. сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн 32 342,2 млн. сом берилген, көбөйүү 25,0 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн 25 862,6 млн. сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууларды төлөөгө 21 870,0 млн. сом берилген, көбөйүү 17,5 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн 18 607,1 млн. сом);
- товарларга төлөөгө - 3 837,9 млн. сом, көбөйүү 5,0 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3- чейреги үчүн – 3 655,7 млн. сом);
- чет элдик валюталарды сатып алууга - 50 511,2 млн. сом, көбөйүү 2,9 пайызды түзгөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн – 49 093,3 млн.сом).
- эмгек акыларды төлөөгө - 3 898,7 млн. сом, 2013 – жылдын 3-чейрегине салыштырганда 8,8 пайызга азаюу жүргөн (2013-жылдын 3-чейреги үчүн эмгек акыларды төлөөгө 4 274,0 млн. сом берилген).

**7-график. 2013-жылдын 3 чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)**




**8-график. 2014-жылдын 3 чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)**




## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)

Улуттук банк, 24 коммерциялык банк жана алардын 295 филиалын кошо алганда, ошону менен атайы катышуучу «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК Пакеттик клиринг системасынын (мындан ары - СПК) катышуучуларынан болушкан.

2014-жылдын 3-чейрегинин иш жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү 26 860,1 млн. сом чегинде катталып:

- өткөн чейрекке салыштырганда 6,5 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 16,0 пайызга көбөйгөн.

2014-жылдын 3-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны 981 187 төлөмдү түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 18,8 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 47,6 пайызга көбөйгөн.

### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы


Отчеттук мезгил ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 377 733,5 млн. сомду түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 7,4 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 94,3 пайызга көбөйгөн.


Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2014-жылдын 3-чейреги ичинде 71 712 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 10,9 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 57,1 пайызга көбөйгөн.

**9-график. СПК төлөмдөр көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)**




**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)**




### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2014-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп жаткан 24 банктын ичинен 22 банк сунуштаган, алардын ичинен 13 банк жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 18 банк эл аралык төлөм системасынын карттарынын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*Банктык төлөм карттар эмиссиясы.*

2014-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны **847 253** түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 6,3 пайызга көбөйүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 47,3 пайызга өскөн.




Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:

- **Эл аралык системалар** ***647 312:***
  - «Visa» 301 419;
  - «Master Card» 1 263;
  - «Золотая корона»1 (Россия) 342 985;
  - «China Union Pay» 1 645;
- **«Элкарт» улуттук системасы 199 941.**


*Банктык төлөм карттар эквайринги.*

2014-жылдын 3-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүчө каттalган:


– Visa & MasterCard эл аралык системалары боюнча – 238 банкомат жана 1 980 терминал;
– «Элкарт» улуттук системасы боюнча – 401 банкомат жана 1 422 терминал;
– «Золотая корона» (Россия) эл аралык системасы боюнча - 314 банкомат, 980 терминал.

Жалпысынан алганда, банктык төлөм карттар, республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган **953 банкоматта жана 4 382 терминалда** тейлөөгө алынган (жылдын баш жагынан тартып салыштырганда, банкоматтардын өсүшү 16,5 пайызды же 135 банкоматты, ал эми терминалдардыкы 25,7 пайызды же болбосо 897 терминалды түзгөн).

**13-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны**




**14-график. Системалар боюнча терминалдардын саны**




*Банктык төлөм карттарын колдонуу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы.*

2014-жылдын 3-чейреги ичинде карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **21 736,3 млн. сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 16,7 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 60,6 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга – 21 031,3 млн. сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,7 пайызды ээлеген. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 704,9 млн. сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардын 3,3 пайызы). Төлөм карттарынын орчундуу бөлүгү «эмгек акы долбоорун» ишке киргизүүнүн чегинде эмитирленген.

2014-жылдын 3-чейрегинде картты колдонуу менен **3,9 млн. ашык транзакция** ишке ашырылган. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялардын саны 5,9 пайызга көбөйүү менен, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 40,6 пайызга өскөн.

### 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында коммерциялык банктар көбүнчө SWIFT системасын пайдаланышкан.


2014-жылдын 3-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 12 түрү боюнча ишке ашырылган. Ушул эле жылдын 3-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 247,5 млрд. сомду (бул көрсөткүч 2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда 11,1 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 17,3 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрдүн көлөмү 281,0 млрд. сомду түзгөн (бул көрсөткүч 2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда 4,3 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын 3-чейрегине салыштырганда 24,8 пайызга көбөйгөн эле).

### 3.5. Акча которуулар


Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча акча которуулар которуулардын эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 38,1 млрд. сом жалпы суммасында 1 860 973 (2014-жылдын 2-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 11,9 жана 6,1 пайызга көбөйүү болгон, ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 10,5 пайызга жана 6,0 пайызга көбөйүү жүргөн), чыгыш которуулардын саны 7,7 млрд. сом жалпы суммасында 91 053 түзгөн (2014-жылдын 2 чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 11,6 пайызга азаюу жана 4,2 пайызга көбөйүү болгон, ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 15,3 пайызга көбөйүү жана 13,4 пайызга азаюу жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулар жалпы көлөмдүн 37,9 пайызын, ал эми чыгыш которуулар жалпы көлөмдүн 63,6 пайызын ээлеген.

**15-график. Республикадагы областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**16-график. Республикадагы областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**





Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.


***1) АКШ долларында акча которуулар***

2014-жылдын 3-чейрегинде 210,5 млн. АКШ доллар суммасына кириш которуулардын жалпы саны 186 536 түзгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 19,2 пайызга жана 10,2 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 24,9 пайызга жана 15,5 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 43 851 чегинде калыптанып, 84,5 млн. АКШ долларын түзгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 0,8 пайызды жана 6,3 пайызды түзгөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 10,5 пайыз жана азаюу 9,4 пайыз чегинде катталган).

**17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн.сом)**




**18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн.сом)**




***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 2,1 млн. евро жалпы суммасында 4 193 сандагы кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,7 пайызга жана 1,6 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 20,7 пайызга жана 15,8 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 2,5 млн. евро жалпы суммасында 979 түзгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 102,8 пайызга жана 31,4 пайызга көбөйүү; ал эми 2013 - жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 22,2 пайызга көбөйүү жана 1,9 пайызга азаюу жүргөн).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 18,6 млрд. рубль суммасында 1 648 499 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 17,2 пайызга жана 5,1 пайызга көбөйүү; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 9,3 пайызга жана 4,2 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары 2,0 млрд. рубль суммасында 39 313 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,2 пайызга көбөйүү жана 3,2 азаюу белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 19,8 пайызга азаюу жана 12,1 пайызга көбөйүү белгиленген).

### 4) *Казак тенгесинде акча которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 431,1 млн. тенге суммасында 19 507 кириш которуулар ишке ашырылган (2013-жылдын 2-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 1,5 жана 2,1 эсе көбөйгөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,4 жана 3,2 эсе көбөйгөн). 127,3 млн. тенге суммасына 6 898 чыгыш которуулар жүргүзүлгөн (2013-жылдын 2-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 1,7 жана 2,5 эсе азайган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 3,7 жана 18,2 эсе көбөйгөн).

### 5) *Кыргыз сомунда акча которуулар*

2014-жылдын 3-чейрегинде 18,2 млн. сом суммасында 2 238 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 12,3 пайызга  жана 17,8 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,1 жана 8,1 эсе көбөйүү байкалган). Ал эми чыгыш которуулардын саны 1,1 млн. сом суммасында 12 түзгөн (2014-жылдын 2-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,4 эсе көбөйүү жана 3 которууга азаюу байкалган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көрсөткүч, тиешелүүлүгүнө жараша 5,5 эсе жана 7 которууга көбөйүү жүргөн).